КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫКАТИНСКИЙ РАЙОН

ЫСЫК-АТИНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезектеги (бешинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 13-марты №24/V-29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата айылдык Кенешинин 2021-жылдын 27-декабрындагы №29/V-28 “Ысык-Ата айыл аймагында жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун 0,10 га дан берүү жөнүндө” токтомун жокко чыгаруу жөнүндө**

Ысык-Ата айыл аймагынын Алмалуу, Таш-Башат, Карагай-Булак, Норус, Ичке-Суу, Жогорку-Ичке-Суу, Кебек-Бий, Тогуз-Булак, Үч-Эмчек айыл тургундарынын “Ысык-Ата айылдык Кенешинин 2021-жылдын 27-декабрындагы №29/V-28 “Ысык-Ата айыл аймагында жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун 0,10 га дан берүү жөнүндө” токтомун жокко чыгарууну суранып” кайрылган кайрылууларын Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары эске алып, Кыргыз Республикасынын “Ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 39-беренесинин жана Ысык-Ата айылдык Кенешинин регламентинин негизинде Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. Ысык-Ата айылдык Кенешинин 2021-жылдын 27-декабрындагы №29/V-28 “Ысык-Ата айыл аймагында жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун 0,10 га дан берүү жөнүндө” токтому жокко чыгарылсын.
2. Ысык-Ата айылдык Кенешинин 2007-жылдын 25-июнундагы №95/XVII-24 “Менчик үй салууга берилген жер аянтынын өлчөмүн бекитүү жөнүндө” токтому күчүндө калсын.
3. Бул токтом Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн веб сайтына жарыялансын жана тиешелүү тартипте юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын жер жана агрардык иштер боюнча туруктуу комиссия жана айыл өкмөтүнүн башчысы көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**